Буюрса кийинки жылы олимпиадага катуу даярдык көрөбүз.Бул биздин кемчилигибиз болду.Андан сырткары «Эл аралык адабият күнүн»белгилеп ,улут аралык ынтымак жөнүндө ыр бийлер менен коштолгон кече өткөрүлдү.Февраль айында англис тил жумалыгы өтүп ,англис тилчи мугалимдер ачык сабактарды өтүштү.Мектепте англис тил жумалыгы жарыяланып ,кече менен коштолду.Ачык сабактарды Осмоналиева Бермет,Бошкоева Элмира өттү.Жумалыктын алкагында 5-6 класстын окуучулары жомокторду аткарып беришти. Кече англис тилиндеги ырлар, макалдар, бийлер менен коштолду.Мындан сырткары Турдакун Усубалиев жана башка белгилүү инсандардын даталуу күндөрү белгиленип турду.

Жаш мугалим Кадырова Айжамал «Манас таануу»коркурсуна окуучуларды даярдап,катышып келди,бирок орун алган жок.Мектепте райондук масштабда семинар болуп өттү.Кыргыз тил жана адабияты мугалими Кадырова Айжамал 6-класстарга ачык сабак өтүп, райондук грамотага жана Чолпон-Атага эс алууга жолдомо алып,эс алып келди.Биздин мектептин бүтүрүүчүлөрүнө ПРО КЖ клубу жыл сайын ОРТ тестинен жогорку балл алган 3окуучуга стипендия беришчү.Быйылкы жылы 11-класстын үч окуучусу Абылкасымов Сүйүнбек.Молдошев Адыл жана Таштанбеков Санжар ОРТтестинен жогорку баллга ээ болуп, класс жетекчиси Осмоналиева Бермет менен Бишкек шаарына 3 күндүк эс алууга барып келишти. Жыл жыйынтыгы менен эжейлердин эмгеги бааланып грамоталарга ээ болушту.

Метод бирикменин башчысы: Осмоналиева Бермет